# «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» маалымат

Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» тууралуу Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорунун максаты жана милдети 2018-2020-жылдарга шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүү Стратегиясында каралган милдеттерди ишке ашыруу болуп саналат. Стратегия аларга жетишүү максаттарынын жана жолдорунун ар тараптуу комплекстүү тандоосун билдирет; негизги максаттар жана милдеттер шайлоо мыйзамдарына зарыл өзгөртүүлөрдү камтыган иш-чаралар белгиленген документ

**I.** Шайлоо процессинин инклюзивдүүлүгүн жарандарды шайлоо процессине тартуу жолу менен жогорулатуу, ага эки жол менен жетишсе болот:

**1.шайлоо процессинде жарандардын инклюзивдүүлүгүнүн жалпы шарттарын жакшыртуу** (шайлоочулардын тизмеси менен таанышуу мөөнөттөрүн көбөйтүү, арыздарды берүү тартибин өркүндөтүү, электрондук арыз берүү мүмкүнчүлүгү)

**2. шайлоочулардын өзүнчө категориялары (ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар ж.б) боюнча өзгөчө шарттарды түзүү**

**1) жалпы шарттарга төмөнкүлөр кирет:**

- шайлоочулардын алдын ала тизмеси менен таанышуу мезгилин 5 календарлык күнгө көбөйтүлөт – участкалык шайлоо комиссиялары 50 күн калганда тизмелерди илет, мурда 45 күн калганда илинчү (13-берене);
- шайлоочулардын арыз берүү мүмкүнчүлүгүн сервиси аркылуу кеңейтүү: аутентификация өтүү менен «**шайлоочунун кабинети**» (13-берене);
- УШКга Ф-3 (тактоо) боюнча арыз берүүнүн аныктыгын бекемдөө үчүн шайлоочу идентификациялоодон өтөт (13-берене);
- шайлоочулардын тизмесин тактоо боюнча аракеттердин негизги комплексин МККдан БШКга өз ара аракеттенүүнүн жаңы тартибин тактоо менен өткөрүп берүү (13-берене);
- шайлоочуларды идентификациялоо боюнча аракеттердин негизги комплексин МККдан БШКга өткөрүп берүү (13-берене);

* *Өкмөттүн Корутундусунун алкагында аталган норманы алып салуу сунушталат.*

**2) Айрым категориялар боюнча өзгөчө шарттарды түзүүдө мыйзамдын долбоору менен төмөнкүлөр каралат:**

- шайлоочулардын категорияларынын маалыматтарынын эсебин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары тарабынан АШКга, БШКга алардын саны тууралуу маалыматтарды милдеттүү түрдө берүү жөнүндө ченем аркылуу аркылуу (жылына эки жолу ар бир жылдын 1-февралына жана 1-августуна карата) киргизүү (14-берене);
- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн шайлоо участокторунун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу (29-30-беренелер);
- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн адаптацияланган маалыматтык материалдарга, стенддерге, үгүт материалдарына төмөнкү талаптар коюлган: аудио-видео форматында (санариптик алып жүрүүчүлөрдө), сурдокотормо, субтитрлөө, Брайль шрифти менен ж.б (22-берене);
- талапкер, саясий партия тарабынан үгүт материалдардын жалпы нускасынын 1 пайызынан кем эмес өлчөмүндө ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн адаптацияланган үгүт материалдарын жарыялоо тууралуу талаптар киргизилет (27-берене).

**II. Пассивдүү шайлоо укугун ишке ашыруу**

**1. Шайлануучу органдарынын сапатын жогорулатуу максатында төмөнкүлөр сунушталат:**

- талапкерге жалпы орто билиминен төмөн эмес билими болуусу жөнүндө талап киргизүү (3-берене);
- талапкерлерге жасалган кылмыштын түрүнө жана оордугуна жараша соттуулугу боюнча талапты дифференцациялоо (3-берене);

* *Өкмөттүн Корутундусунун алкагында оор, өзгөчө оор кылмыш жасагандыгы үчүн соттуулуугу бар адамдарга ал алып салынгандыгына же жоюлгандыгына карабастан шайланууга укугун абсолюттук чектөө сунушталат.*

*Талапкер, саясий партия тарабынан берилүүчү документтердин тизмеси төмөнкү документтер менентолукталат.* (53-берене):

- декларация: (1) башка мамлекеттин жарандыгы жоктугу тууралуу; (2) соттуулугу жок экендиги же качандыр бир убакта соттуулугунун Кыргыз Республикасынын Кылмыш жаза- кодексинин номерин (номерлерин) жана берененин (беренелердин) аталышы (аталыштарын) көрсөтүү менен бар экендиги тууралуу, эгерде талапкер Кыргыз Республикасынын колдонуудагы Кылмыш жаза- кодекси менен кылмыш деп таанылган жоосун үчүн көрсөтүлгөн мыйзамдык актыларына ылайык соттолсо;

* *Өкмөттүн Корутундусунун алкагында соттуулугунун жоктугу же КРда жана чет өлкөдө качандыр бир убакта соттуулугу жоктугу тууралуу декларацияны берүүнү алып салуу сунушталат*

- *жеке маалыматтарды топтоого жана иштетүүгө жазуу жүзүндөгү макулдук* берүү

**2) Мыйзам *долбоору менен айылдык кеңештердин депуттатыгына талапкерлиги үчүн он эсептик көрсөткүч өлчөмүндө шайлоо күрөөсүн киргизүү сунушталат* (50-берене);**

3) Шайлоо күрөөсүн кайтаруу учурларын конкреттештирүү, анын ичинде талапкерди каттоодон баш тартуу, шайлоо бюллетенинин тексти бекитилгенге чейин шайлоолордо андан ары катышуудан талапкердин баш тартуу учурлары (15-берене)

4) Шайлоо дайындалган датага чейин 6 айдан аз мөөнөттө катталган саясий партиялардын шайлоолорго катышуусуна чектөө киргизилет (53-берене).

**III. Коомдук байкоочулар**

Шайлоо комиссияларынын ишинин ачыктыгын камсыз кылуу жана шайлоо мыйзамдарын бир түргө келтирүү максатында мыйзам долбоору менен шайлоолорго байкоо жүргүзүү үчүн коммерциялык эмес уюм жөнөтүүчү коомдук байкоочу түшүнүгүн кииргизүү жана «Коомдук байкоочулар» деген жаңы атайын беренени киргизүү сунушталат (8-1-берене).

**IV. Шайлоочуларга маалымдоо жана шайлоо алдындагы үгүт**

Ачык жана атаандашуучулук шайлоо механизмдерин мындан ары өркүндөтүү, шайлоо процессинин катышуучуларынын укуктук маданиятынын деңгээлин жана маалымдарлыгын жогорулатуу үчүн мыйзам долбоору менен төмөнкүлөр сунушталат:

1) АШК/БШК тарабынан жарыяланууга жаткан маалыматтык материалдардын тизмесин көрсөтүлгөн, катталган талапкерлер, алардын программалары, талапкерлердин жана саясий партиялардын шайлоо фондусунун каражаттарынын келип түшүүсү жана чыгымдалышы жөнүндө, талапкерлердин жана саясий партиялардын финансылык отчеттору жөнүндө кошумча маалыматтар менен толуктоо (22- 42-беренелер);

2)шайлоо алдындагы программаларды каттоо күнүнө чейин 10 күндөн кечиктирбестен жарыянын көчүрмөсүн АШКга берүү менен милдеттүү жарыялоо жөнүндө ченемди ( 22-берене);

3) биргелешкен үгүт иш-чараларында талапкерлердин жана катталган тизмеден талапкерлердин **жеке** катышуусун белгилөө сунушталат

4) биргелешкен үгүт иш-чараларында катталган талапкерлердин өкүлдөрүнүн жана колдоо топтордун катышуусуна тыюу салынуу (24-берене);

5) ЖМКларга талаптар – катталган талапкерлер, саясий партиялардын тизмеси, шайлоо алдындагы иш-чараларды өткөрүү жөнүндө билдирүүлөрдү өзүнчө блокто комментарийсиз жана башка талапкерлерди кодулоосуз өткөрүү жөнүндө маалымдоо (22-берене);

7) шайлоо алдындагы үгүт материалдарынын шайлоо мыйзамдарына шайкештигин АШКнын алдын ала текшерүүсүз таркатууга тыюу салуу (27-берене);

8) **ЖМКлардын** катталган талапкерлерге берилген эфир убактысынын, басма аянтчасынын көлөмүн жана баасын **өзүнчө эсепке алуу** милдети жана бул маалыматтарды 10 күн сайын АШКга берүү (24-берене);

9) ЖМКлардын катталган талапкердин, саясий партиянын аброюн, намысын жана кадыр-баркын коргоодо төгүнгө чыгаруу же түшүндүрүү макаласын акысыз негизде жарыялоо жөнүндө милдети тууралуу жобо (28-берене);

10) эфирдик убакытты, басма аянтчаны талапкерге каршы добуш берүү чакырыктарын таркатуу же талапкерге, саясий партияга карата шайлоочулардын терс мамилесин түзүүгө өбөлгө болуучу максаттарда колдонууга тыюу салууну белгилөө (28-берене);

11) катталган талапкердин же саясий партиянын үгүт жүргүзүү эрежелерин бузгандыгы үчүн жоопкерчилик чараларын дифференцациялоо (28-берене).

**V. Шайлоо өнөктүгүн финансылоонун ачыктыгын камсыз кылуу**

- БШКнын алдындагы контролдоо-ревизиялоо тобунун (мындан ары - КРТ) ыйгарым укуктары талапкерлердин, саясий партиялардын ыктыярдуу садагаларын берүүдө же которууда КРТ талапкерлер жана юридикалык жактар көрсөткөн маалыматтарды текшерүү жөнүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга кайрылат деген ченем менен толукталат (16-берене).

- талапкердин, саясий партиянын атайын эсебинде болгон каражаттардын келип түшүүсү жөнүндө маалыматтын БШКнын расмий сайтында КРТ тарабынан жума сайын милдеттүү түрдө жарыялоосу каралган.

**VI. Шайлоочулардын эрк билдирүүсүнө таасир көрсөтүүнүн негизги факторлорунун бири катары борьбы с административдик ресурс менен күрөшүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу**

Мыйзам долбоору менен «Административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануунун жол берилбестиги» деген атайын берене менен толуктоо сунушталат, ал адамдык, финансылык, материалдык, медиалык, институционалдык ресурстарды укукка каршы колдонууну камтыйт, алар талапкерлерди же саясий партияларды колдоонун саясий же башка формаларынын белгилерине ээ ($17^1$-берене).

**Административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу үчүн жоопкерчилик КР жоруктар жөнүдө кодексинде жоопкерчилик жөнүндө мыйзам долбоорунун топтомунда каралат.*

**VII. Мыйзам долбоору менен жазында жана күзүндө (*апрелдин экинчи жекшембиси жана октябрдын экинчи жекше*мбиси) жергиликтүү кеңештердин депуттарын шайлоодо «бирдиктүү добуш берүү күндөрүн» белгилөө сунушталат. Мында, президенттик же парламенттик шайлоолорду өткөрүү жылы жергиликтүү шайлоолордо добуш берүү Президентти же Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо айкалыштырылат.**

**VIII. Гендердик теңдикти камсыз кылуу.**

Жергиликтүү кеңештерде аялдардын өкүлчүлүгүн көбөйтүү максатында мыйзамдын долбоору аялдар үчүн айылдык кеңештин депутаттарынын мандаттарынын 30 пайыздык резервин жана резервделген мандаттарды бөлүштүрүү тартиби жөнүндө жобону киргизүүнү сунуш кылат **( $59^{1-}$ 62-беренелер)**

**Шайлоо жөнүндө туруктуу мыйзамдар**

Шайлоо жөнүндө мыйзамдарга боло турган шайлоолорго чейин бир жылга чейинки мөөнөттө өзгөртүүлөрдү киргизүүгө чектөө киргизүү сунушталат, анткени шайлоо алдында мыйзамдарга кыска мөөнөттү өзгөртүүлөр шайлоо процессине жана шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн сапатына терс таасирин тийгизет, эң негизгиси шайлоонун катышуучуларынын маалымдарлыгын жана жаңы эрежелердин түшүнүүсүн начарлатат.